КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин XVIII-чакырылышынын III-кезектеги сессиясынан**

**ТОКТОМ**

**2024-жылдын 28-майындагы № 24** **Барскоон айылы**

**“Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу” жергиликтүү маанидеги маселени башкаруунун тартибин бекитүү тууралуу .**

20.10.2021-жылдын №123 “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” КР Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине ылайык Барскоон айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаевдин дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө сунушун угуп, Барскоон жергиликтүү кенештин сессиясы токтом кылат:

1. «Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» жергиликтүү маанидеги маселени башкаруунун тартиби (мындан ары - Тартип) бекитилсин, анын ичинде дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин тиркемеге ылайык.

2. Бекитилген функцияларды аткаруу, кызмат көрсөтүүнү уюштуруу жана милдеттерди аткаруу бөлүгүндө Тартиптин аткарылышын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Т.Асанбаев камсыз кылсын.

3. Барскоон жергиликтүү кеңешинин 2024-жылдын 28-майындагы № 24 токтому Ысык-Көл аймактык юстиция башкармалыгында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн .

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин экономикалык маселелер боюнча туруктуу депутаттык комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М.Ибаков**

Жиберилди: жергиликтүү кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, а/ө -1 нуска, төрага – 1 нуска, баардыгы – 5 нуска

2- тиркеме
Барскоон жергиликтүү кеңешинин токтомуна
№ 24 28-май 2024-ж

**«Тиешелүү аймактын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» жергиликтүү маанидеги маселени чечүүнүн алкагында фермерлердин сугат сууга жетүүсүн камсыздоо боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттердин тизмеси.**

| Жок. | Кызматтын/функциянын/милдеттин аталышы | Аткаруу үчүн жооптуу |
|---|---|---|
| | **1. Кызматтар** | |
| 1.1. | Суу пайдалануучуларга сугат суусун жеткирүү | Суу пайдалануучулар ассоциациясы/ муниципалдык ишкана (макулдашуу боюнча) |
| | **2. Функциялар** | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын бассейндик кеңештин ишине катышуусу | Айыл өкмөт башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктин реестринде ирригациялык курулуштардын эсебин жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү |
| 2.3. | Кызмат көрсөтүүчү менен ирригациялык курулуштарды пайдалануу келишимин түзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмү |
| 2.4. | Суу пайдалануу, ирригациялык системаларды эксплуатациялоо жана тейлөө эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Райондук суу чарба башкармалыгы менен сугат суусун берүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөт башчысы |
| 2.6. | Сууну пайдалануу, ирригациялык системаны эксплуатациялоо жана күтүү эрежелерин бузгандыгы үчүн суу пайдалануучулардын административдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтар үчүн акы төлөөнүн наркын эсептөө жана бекитүү (ПИУ) | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |
| 2.8. | Барскоон айыл аймагында ирригацияны өнүктүрүүнүн инвестициялык программасын | Айыл өкмөт башчысы Жергиликтүү кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| | иштеп чыгуу жана бекитүү | |
| **3. Милдеттенмелер** | | |
| 3.1. | Сугат объекттерин кызмат көрсөтүүчүгө муниципалдык менчик катары пайдаланууга берүү | Айыл өкмөт башчысы<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 3.2. | Ирригациялык курулуштарды күтүү үчүн амортизациялык төлөмдөрдү толук же жарым-жартылай компенсациялоо | Айыл өкмөт башчысы<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 3.3. | Суу пайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүү | Жергиликтүү кеңеш |
| 3.4. | Субсидиялар аркылуу кызмат көрсөтүүчүнүн чыгымдарынын ордун толтуруу | Айыл өкмөт башчысы |